## ПЕДАГОГИКА

УДК 78:378.147

**Мамытова Айзат Жумагазиевна**
Маданият тануу илими боюнча изилдөөчү, ага окутуучу;
**Игенова Сагида Баркаловна**
Ж.Баласагын атындагы КУУнун Социалдык-гуманитардык илимдер институтунун Жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын магистранты

**Мамытова Айзат Жумагазиевна**
Научный исследователь по культурологии, старший преподаватель;
**Игенова Сагида Баркаловна**
Магистрант кафедры Педагогики высшей школы Института социально-гуманитарных науки КНУ им. Ж.Баласагына

**Mamytova Aizat Jumagazievna**
Researcher in cultural studies, senior teacher;
**Igenova Sagida Barkalovna**
Master's Student of the Department of Higher Education Pedagogy, Institute of Social and Humanities Sciences, KNU named after J.Balasagyn

# УГУУ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛГЕН БАЛДАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖӨНДӨМДӨРҮН КОМУЗ АРКЫЛУУ ӨНҮКТҮРҮҮ

# РАЗВИТИЕ ТВОРЧЕСКИХ СПОСОБНОСТЕЙ ДЕТЕЙ С НАРУШЕНИЕМ СЛУХА ПОСРЕДСТВОМ ОБУЧЕНИЯ ИГРЕ НА КОМУЗЕ

# DEVELOPMENT OF CREATIVE ABILITIES OF CHILDREN WITH HEARING IMPAIRMENT THROUGH LEARNING TO PLAY THE KOMUZ

**Аннотация:** Бул макалада угуу мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө комуз аспабынын ролу каралат. Инклюзивдик билим берүү шартында музыкалык тарбиянын мааниси, визуалдык жана тактилдик ыкмаларды колдонуу, ошондой эле комуз аркылуу балдардын эстетикалык табитин, моторикасын жана социалдык көндүмдөрүн өнүктүрүү маселелери талданат. Изилдөөдө практикалык ыкмалар жана окутуунун эффективдүү формалары сунушталат.

Мындан тышкары, макалада угуу мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын музыкалык кабыл алуусунун өзгөчөлүктөрү жана аларды окутууда альтернативдүү ыкмаларды колдонуу зарылдыгы негизделет. Комуз аспабынын вибрациялык өзгөчөлүгү балдарга музыканы сезүү аркылуу кабыл алууга шарт түзөрү белгиленет. Ошондой эле сабак учурунда визуалдык көрсөтмөлөрдү, дене кыймылдарын жана жаңдоо элементтерин колдонуу окутуунун натыйжалуулугун жогорулатарын көрсөтөт.

Изилдөөнүн жүрүшүндө комуз үйрөтүүнүн инклюзивдик моделдери каралып, алардын негизинде балдардын чыгармачылык активдүүлүгүн арттыруучу ыкмалар талданат. Практикалык мисалдар аркылуу импровизация, ритмдик көнүгүүлөр жана топтук аткаруу сыяктуу формалардын таасири ачып берилет. Мындан сырткары, комуз аркылуу окутуу балдардын өзүнө болгон ишенимин бекемдеп, алардын коомго ийгиликтүү интеграцияланышына өбөлгө түзөрү белгиленет. Жыйынтыгында, макалада сунушталган методикалык ыкмалар инклюзивдик билим берүү системасында кеңири колдонууга ылайыктуу экендиги жана алар угуу мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын чыгармачылык потенциалын ачууда маанилүү инструмент болуп саналары аныкталат.

**Негизги сөздөр:** инклюзивдик билим берүү, угуу мүмкүнчүлүгү чектелген балдар, комуз, музыкалык тарбия, чыгармачылык жөндөм, тактилдик ыкмалар, визуалдык окутуу, моторика, социалдык адаптация, музыкалык педагогика.

**Аннотация:** В данной статье рассматривается роль комуз как инструмента в развитии творческих способностей детей с нарушениями слуха. В условиях инклюзивного образования анализируется значение музыкального воспитания, использование визуальных и тактильных методов, а также развитие эстетического вкуса, моторики и социальных навыков у детей посредством обучения игре на комузе. В исследовании предлагаются практические методы и эффективные формы обучения.

Кроме того, в статье обосновываются особенности музыкального восприятия детей с нарушениями слуха и необходимость применения альтернативных методов обучения. Отмечается, что вибрационные свойства комуз позволяют детям воспринимать музыку через ощущение. Также подчеркивается, что использование визуальных инструкций, движений тела и элементов жестового языка в процессе занятий повышает эффективность обучения.

В ходе исследования рассматриваются инклюзивные модели обучения игре на комузе, на основе которых анализируются методы, способствующие развитию творческой активности детей. На практических примерах раскрывается влияние таких форм работы, как импровизация, ритмические упражнения и ансамблевое исполнение. Кроме того, отмечается, что обучение игре на комузе способствует укреплению уверенности в себе у детей и их успешной социальной интеграции.

В заключение делается вывод о том, что предложенные методические подходы могут широко применяться в системе инклюзивного образования и являются важным инструментом развития творческого потенциала детей с нарушениями слуха.

**Ключевые слова:** инклюзивное образование, дети с нарушениями слуха, комуз, музыкальное воспитание, творческие способности, тактильные методы, визуальное обучение, моторика, социальная адаптация, музыкальная педагогика.

**Abstract:** This article examines the role of the komuz as a musical instrument in the development of creative abilities in children with hearing impairments. In the context of inclusive education, the study analyzes the importance of musical training, the use of visual and tactile methods, as well as the development of aesthetic taste, motor skills, and social skills in children through learning to play the komuz. The study proposes practical methods and effective forms of instruction.

In addition, the article substantiates the specific features of musical perception in children with hearing impairments and the necessity of applying alternative teaching methods. It is noted that the vibrational properties of the komuz allow children to perceive music through sensation. It is also emphasized that the use of visual instructions, body movements, and elements of sign language during lessons increases the effectiveness of learning.

The study considers inclusive models of teaching the komuz, based on which methods promoting the development of children's creative activity are analyzed. Practical examples illustrate the impact of approaches such as improvisation, rhythmic exercises, and ensemble performance. Furthermore, it is highlighted that learning to play the komuz helps strengthen children's self-confidence and supports their successful social integration.

In conclusion, it is stated that the proposed methodological approaches can be widely applied in the system of inclusive education and represent an important tool for developing the creative potential of children with hearing impairments.

**Keywords:** inclusive education, children with hearing impairments, komuz, musical education, creative abilities, tactile methods, visual learning, motor skills, social adaptation, music pedagogy.

Инклюзивдүү билим берүү — бул бардык балдардын, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген, этникалык, социалдык жана маданий айырмачылыктары бар балдардын бирдей билим алуу укугун камсыз кылууга багытталган билим берүү системасы. Бүгүнкү күндө инклюзивдүү билим берүү дүйнө жүзүндө, анын ичинде Кыргызстанда дагы кеңири жайылып, билим берүү тармагындагы эң негизги концепциялардын бирине айланган. Бул түшүнүк билим берүүнү тек гана билим алуу процессинин уюштурулушу эмес, адам укуктарын, социалдык теңдикти жана маданий ар түрдүүлүктү да камтыйт.

Инклюзивдүү билим берүү балдардын өзгөчөлүктөрүнө карабастан, алардын өздүк потенциалын толук кандуу ачууга мүмкүндүк берген система жана дүйнөлүк билим берүү системасынын негизги багыттарынын бири болуп эсептелет. Ар бир бала, анын ичинде угуу мүмкүнчүлүгү чектелген балдар да сапаттуу билим алууга жана өзүнүн жөндөмдөрүн толук ачууга укуктуу. Ушул контекстте музыкалык билим берүү өзгөчө мааниге ээ, анткени ал баланын ички дүйнөсүн байытып, чыгармачылык потенциалын өнүктүрөт.

Кыргызстанда инклюзивдүү билим берүүнүн алгачкы кадамдары 2000-жылдардын башында эле башталган. Бул багытта өкмөт тарабынан бир катар стратегиялык документтер кабыл алынып, билим берүү мыйзамдарына өзгөртүүлөр киргизилген. Мындан тышкары, эл аралык уюмдардын жардамы менен пилоттук мектептерде инклюзивдүү билим берүүнүн элементтери киргизиле баштады. Бирок бул жаатта аткарылуучу иштер дагы арбын. Инфраструктура, методология, кадр маселелери, коомдук көз караш жана башка факторлор бул системанын толук кандуу иштеп кетишине өз таасирин тийгизүүдө.

Инклюзивдик билим берүү боюнча коңшулаш Казакстан өлкөсүндө да билим берүүнү өнүктүрүүнүн 2020-жылга чейинки мамлекеттик программасында өзгөчө муктаждыктары бар балдардын жалпы билим берүүчү мектептерде сапаттуу билим берүү кызматтарына тең жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу милдети коюлган (мектепте педагог-психологдун болушу, балдарды психологиялык-педагогикалык жактан коштоо, атайын жекече техникалык жана компенсациялоочу каражаттар ж.б.) [3. 22-б.]

Кыргыз элинин улуттук аспаптарынын ичинен комуз өзгөчө орунду ээлейт. Комуз — бул жөн гана музыкалык аспап эмес, ал улуттук маданияттын, руханий баалуулуктардын символу. Ошондуктан комуз аркылуу тарбия берүү, айрыкча өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар балдар үчүн, чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

Угуу мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн музыка салттуу түрдө угуу менен байланышкан деп эсептелгени менен, заманбап педагогика музыканы кабыл алуунун башка жолдорун — вибрация, визуалдык байкоо жана дене аркылуу сезүүнү — активдүү колдонууда. Бул жагынан алганда комуз аспабы өзүнүн табигый вибрациялык касиеттери менен өзгөчө ылайыктуу.

Угуу мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын өнүгүүсү өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ. Алардын кабыл алуу системасында визуалдык жана тактилдик каналдар негизги ролду ойнойт. Ошондуктан окутуу процесси ушул өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен уюштурулушу зарыл.

Инклюзивдик билим берүү теориясына ылайык, ар бир бала өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша билим алышы керек жана окутуу ыкмалары индивидуалдуу өзгөчөлүктөргө ылайыкташтырылууга тийиш. Бул принцип комуз үйрөтүүдө да толук колдонулушу зарыл.

Комуз — үч кылдуу, чабылып ойнолуучу аспап. Анын үнү гана эмес, денеси аркылуу тараган вибрациясы да маанилүү. Бул өзгөчөлүк угуу мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн комузду өздөштүрүүнү жеңилдетет. Ошону менен катар комузду кармоодо, ойноодо манжалардын, билектин майда кыймыл көндүмдөрү (мелкая моторика), ири кыймыл көндүмдөрү (крупная моторика) өнүгүп баланын акыл-эсинин, чыгармачылыгынын өнүгүшүнө чоң салым кошулат.

Комуз үйрөтүүдө төмөнкү өзгөчөлүктөр эске алынат:

- Визуалдык окутуу: мугалимдин кол кыймылдарын, манжа басууларын так көрсөтүү
- Тактилдик ыкма: окуучу аспаптын вибрациясын колу аркылуу сезет

- Кайталоо ыкмасы: кыймылдарды көп жолу кайталоо аркылуу бекемдөө
- Жаңдоо тилин колдонуу: түшүндүрмөлөрдү жеңилдетүү үчүн

Мындан тышкары түстүү белгилер, схемалар жана жөнөкөйлөштүрүлгөн ноталык системалар да натыйжалуу колдонулат.

Чыгармачылык жөндөмдөрдү өнүктүрүү жолдору

**1. Импровизация.** Балдарга эркин ойноого мүмкүнчүлүк берүү алардын фантазиясын өнүктүрөт. Угуу мүмкүнчүлүгү чектелген балдар көбүнчө ритмди жана вибрацияны жакшы сезишет, бул импровизация үчүн жакшы негиз түзөт.

**2. Ритмдик көнүгүүлөр.** Комуз аркылуу ритмди кармоо — бул баланын координациясын жана моторикасын өнүктүрөт. Ритмдик тапшырмалар дене кыймылы менен айкалыштырылса, эффект дагы жогорулайт.

**3. Топтук ишмердүүлүк.** Ансамблде ойноо балдардын социалдык көндүмдөрүн өнүктүрөт. Алар бири-бири менен кызматташууга, өз ара түшүнүүгө үйрөнүшөт.

**4. Көркөм образ түзүү.** Музыкалык чыгарманы аткарууда балдарга образ түзүү сунушталат (мисалы, "жаратылыш", "жамгыр", "шамал"). Бул алардын элестетүүсүн жана чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт.

Комуз үйрөтүү угуу мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын жалпы өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизет:

- Эмоционалдык абалды жакшыртат
- Өзүнө болгон ишенимди жогорулатат
- Коммуникациялык көндүмдөрдү өнүктүрөт
- Моторика жана координацияны жакшыртат

Музыкалык ишмердүүлүк баланын ички дүйнөсүн ачууга жардам берип, анын коомго интеграцияланышына шарт түзөт.

Комузду окутууда төмөнкү сунуштарды эске алуу маанилүү:

1. Сабакты визуалдык материалдар менен коштоо
2. Кыска жана түшүнүктүү көрсөтмөлөрдү берүү
3. Ар бир окуучунун өзгөчөлүгүн эске алуу
4. Оюн элементтерин колдонуу
5. Технологияларды (видео, вибро-аппараттар) колдонуу

Мугалим сабырдуу, чыгармачыл жана ийкемдүү болушу керек. Анткени ар бир балага өзүнчө мамиле талап кылынат. Комуз угуу мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө эффективдүү курал болуп саналат. Ал аркылуу балдар музыканы угуу эмес, сезүү аркылуу кабыл алышат. Визуалдык жана тактилдик ыкмаларды туура колдонуу менен окуучулардын потенциалын ачууга болот.

Инклюзивдик билим берүү шартында комузду окутуу — бул балдардын руханий дүйнөсүн байытып гана тим болбостон, алардын коомдо өз ордун табуусуна да жардам берет. Ошондуктан бул багыттагы изилдөөлөрдү жана практикаларды кеңейтүү бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси болуп саналат.

Инклюзивдик билим берүү бардык окуучулардын билим алууга тең укукка жетүүсүн, ар кандай билим алуу муктаждыктары бар окуучуларды окутууда жеке мамилени системалуу жайылтууну жана жалпы эле билим берүүнүн сапатын жогорулатууну камсыз кылууга тийиш.

Атайын билим алуу муктаждыктары түрдүү окуучуларда болот, алардын билим алууга жана сапаттуу билим берүү натыйжаларына жетүүгө толук катышуусу үчүн жеке колдоо талап кылынат. Кыргыз Республикасында билим алууга бирдей эмес укукту шарттаган басымдуу фактор болуп ден соолугундагы чектөөлөр же майыптуулук саналат. Ушуга байланыштуу бардык көңүл ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү окуучуларга бурулат.

Инклюзивдик билим берүү жалпы эле билим берүү системасындагы педагогикалык жана башкаруу кадрларынын дараметин жогорулатуу мүмкүндүгүн берет, окуучулардын жалпы билим берүү уюмдарында билим алуусун уюштуруу аркылуу, билим берүүнүн жеке-багыт берүүчү ыкмаларын пайдалануунун негизинде жана окуучулардын окуу-таануу ишинин жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен алардын сапаттуу билим алуусуна үзгүлтүксүз жеткиликтүүлүктү камсыз кылуунун комплекстүү процесстерин талап кылат. Инклюзивдик билим берүүнүн оптималдуу жолдорун жана өнүктүрүү каражаттарын аныктоо тиешелүү ченемдик-укуктук, окутуу-методикалык, уюштуруучулук, кадрдык, материалдык-техникалык жана маалыматтык камсыз кылууга негизделет.

Инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү төмөнкүлөрдү карайт:

- атайын билим алуу муктаждыктары бар окуучуларга билим берүү жаатындагы мыйзамдарды жакшыртууну;
- инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү боюнча механизмдерди, билим берүү стандарттарын, окутуу программаларын, көмөктөшүүчү ресурстарды, баалоо каражаттарын жана методдорун иштеп чыгууну, пилоттоштурууну жана киргизүүнү;
- кадрларды даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу системасына керектүү педагогикалык билимдерди, көндүмдөрдү жана технологияларды киргизүүнү;
- атайын билим алуу мүмкүнчүлүктөрү бар, майыптуулугу бар окуучуларды аныктоо, билим алуу системасына интеграциялоо жана ийгиликтүү окутуу этабында аларды макулдашылган жана ар тараптуу социалдык коргоону камсыз кылуу;
- инклюзивдик маданиятты жана республиканын билим берүү уюмдарындагы жагымдуу билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүүнү;
- атайын билим алуу мүмкүнчүлүктөрү бар окуучуларды билим берүү системасына киргизүүгө жана аларды окутуунун сапатына мониторинг жүргүзүүнү;
- мамлекеттик жана башка финансы каражаттарын мобилизациялоону;
- өлкөдө инклюзивдик билим берүүнү натыйжалуу өнүктүрүү үчүн башкаруу кадрларынын дараметин күчөтүүнү.

Инклюзивдүү билим берүү дегенде, ал дүйнөлүк билим берүү тажрыйбасында өнүгүп келе жаткан билим берүү системасы болуп саналат.

Инклюзивдүү билим берүү төмөнкү принциптерге негизделет:

- Ар бир балага анын өзгөчөлүктөрүнө карабастан, билим алууга бирдей шарттар түзүлүшү керек.
- Ар кандай жаракат алган, майыптыгы бар, тилдик, этникалык же социалдык айырмачылыктарга карабастан, балдардын өз ара мамилесинде тең укуктуу болуп, айырмачылыктарды урматтоо маанилүү.
- Балдар үчүн коопсуз билим берүү чөйрөсү түзүлүшү керек, алар өздөрүн калыс жана чектелген сезбестен, жакшы билим алууга мүмкүнчүлүк алышы керек.
- Ар бир бала өзүнүн жеке мүмкүнчүлүктөрүнө жараша билим алуу керек.

Инклюзивдүү билим берүүнүн мааниси көп тараптуу. Ал балдарга билим берүү гана эмес, аларды социализациялоо, теңчиликке мамиле кылуу ыкмаларына жана ар түрдүүлүктү кабыл алууга үйрөтөт. Бул системада билим берүү процессинде жашоо үчүн зарыл болгон баалуулуктар жана сапаттар — толеранттуулук, сый-урмат, эмпатия жана адилеттүүлүк негизги орунду ээлейт.

Инклюзивдүү билим берүүнүн максаттары көп түрдүү жана ар түрдүү деңгээлдерде колдонула алат. Алар төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Бардык балдарды бирдей билим алуу мүмкүнчүлүгү менен камсыздоо. Бул максат ар кандай мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар үчүн теңдик принциптерин ишке ашырууга багытталган.
- Жеке мүмкүнчүлүктөрдү жана артыкчылыктарды эске алуу. Мисалга алсак, угуу мүмкүнчүлүктөрү тубаса болсо дагы ар бир балада ар кандай деңгээлде өнүккөн жана ар кандай деңгээлде угушат, айрымдар таптакыр угуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган. Ошол себептен ар бир баланын уникалдуу өзгөчөлүктөрүн эске алуу аркылуу анын билим алуу процессин максималдуу түрдө ылайыкташтыруу.
- Жашоо үчүн маанилүү социалдык жана этикалык көндүмдөрдү үйрөнүү. Билим берүү, социалдык жана эмоционалдык жактан өнүгүү, адамдар менен тыгыз байланышты сактоо, коомго интеграциялоо.
- Мектептерде жана башка билим берүү мекемелеринде инклюзивдүү чөйрөнү түзүү. Окуучулардын бардык түрдөгү муктаждыктарына жооп бере турган чөйрөнү түзүү.
- Окуучулардын өздүк потенциалын ачуу. Бул максат инклюзивдүү билим берүү аркылуу балдардын таланттары жана жөндөмдөрү дагы толук кандуу ачылышына өбөлгө түзөт.
- Үзгүлтүксүз жакшыртуу жана өз ара баарлашуу. Инклюзивдүү билим берүү системасында мугалимдер, ата-энелер жана коомчулук арасында тыгыз байланыш жана өз ара түшүнүү талап кылынат. Окуучулардын жакшыраак өнүгүүсү үчүн өз ара баарлашуу жана координация маанилүү.
- Ар түрдүүлүктү кабыл алуу. Окуучулардын ар түрдүүлүгүнө жана алардын айырмачылыктарына түшүнүү жана кабыл алуу бул принциптин негизги элементтери болуп саналат.

Инклюзивдүү билим берүү системасынын ишке ашышы үчүн бир нече негизги элементтер бар:

Мугалимдердин квалификациясы жана билимдери. Өзгөчө угуу жөндөмдүүлүгү начар балдардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өстүрүү үчүн музыка мугалими өзгөчө педагогикалык чеберчиликке ээ болушу шарт. Мугалимдер инклюзивдүү билим берүү боюнча атайын окутуулардан өтүп, ар кандай мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды окутуунун өзгөчөлүктөрүн билүүгө тийиш. Алар ар бир баланын өзгөчөлүктөрүн жана муктаждыктарын эске алуу менен сабактарды уюштуруу керек.

Окуу чөйрөсүнүн адаптациясы, инклюзивдүү билим берүү чөйрөсү окуучулардын бардык түрдөгү муктаждыктарын канааттандырууга багытталуусу керек. Мындай чөйрө окуучулардын физикалык жана психологиялык кыйынчылыктарын эске алып, аны жөнөкөйлөтүүчү шарттарды түзүшү керек.

Угуу мүмкүнчүлүгү бузулган балдардын инсандык жана эмоциялык өнүгүүсүнө таасир эткен ар кандай терс факторлорду бөлүп көрсөтүүгө болот.

Сүйлөө аркылуу байланыштын бузулушу дүлөй баланы айланасындагы сүйлөгөн адамдардан жарым-жартылай обочолонтот, бул болсо социалдык тажрыйбаны өздөштүрүүдө белгилүү кыйынчылыктарды жаратат. Сүйлөө өнүгүүсүндөгү артта калуу өзүнүн жана башкалардын эмоциялык абалдарын аңдап түшүнүүнү татаалдаштырат, натыйжада адамдар аралык мамилелер жөнөкөйлөшүп калат. [1.63-б]

Инклюзивдүү билим берүү ата-энелердин жана коомчулуктун активдүү катышуусун талап кылат. Окуучуларга жардам берүү жана алардын мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн ата-энелер менен тыгыз байланыш орнотуу зарыл.

Дал ушул кең мааниде түшүндүрүлгөн инклюзия — бардык балдарды жашына, жынысына, этникалык жана диний таандыктыгына, мурдагы окуу жетишкендиктерине, өнүгүүдөн артта калышына же социалдык-экономикалык абалына карабастан жалпы билим берүү процессине тартуу — заманбап билим берүү системасын өнүктүрүүнүн методологиясынын негизги багыттарынын бири болуп саналат. [2. 25-стр.]

Инклюзивдүү билим берүү көптөгөн өзгөчөлүктөргө ээ. Алардын негизгилери:

Инклюзивдүү билим берүү бардык балдарды камтыгандыктан, билим алууга мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн дагы бирдей шарттар түзүлөт.

Ар кандай үйрөнүү стилине ээ балдар үчүн интерактивдүү методдор жана өз алдынча изилдөө ыкмалары колдонулат.

Жеке жактан түзүлүүчү сабактар. Ар бир окуучунун өзгөчөлүктөрүнө карата сабактар аныкталат. Мугалимдер сабактарды баланын деңгээлине жараша түрдөтүп, түрдүү ыкмалар менен билим берет.

Кыргызстанда инклюзивдүү билим берүү акыркы жылдары актуалдуу болуп келе жатат. Өлкөдө бул тармакта бир топ аракеттер жасалууда, бирок көйгөйлөр да жок эмес.

Мектеп инфраструктурасы дагы инклюзивдүү билим берүүдө чоң ролду ойнойт. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар мектепке эркин кире албайт, баскычтар, дааратканa, кабинет, эмерек жана техникалар алардын мүмкүнчүлүгүнө ылайыкташтырылбаган. Бул маселе Кыргызстандын көпчүлүк мектептеринде алигиче толук чечиле элек. Демек, билим берүүнү толук инклюзивдүү кылуу үчүн мектептердин материалдык-техникалык базасын жаңылоого чоң көңүл буруу керек. Бул жагдай мамлекеттик бюджетти, демөөрчүлөрдү жана эл аралык уюмдарды активдүү тартууну талап кылат. Мындан тышкары, инклюзивдүү билим берүү окуу программаларына да тыгыз байланыштуу. Программалар ар бир баланын мүмкүнчүлүгүнө жараша түзүлүшү керек. Жөнөкөй жана кыскача сабактар, көрнөк-жарнактар, сүрөттөр, видеоматериалдар, аудио жардамдар, колдоочу технологиялар — мунун бардыгы инклюзивдик билим берүүнүн негизги инструменттери. Азыркы учурда, айрым мектептер бул ыкмаларды колдонуп баштаганы менен, жалпы системада мындай методдор жетишсиз бойдон калууда.

Кыргызстан үчүн инклюзивдүү билим берүү — бул жөн гана социалдык саясат эмес, бул — мамлекеттик өнүгүүнүн, демократиянын жана улуттук биримдиктин негизи. Бардык балдар үчүн бирдей мүмкүнчүлүк жаратуу — бул келечекте ден-соолугуна ка-

рабастан ар бир жарандын мамлекетке пайда алып келе турган инсан болушуна шарт түзөт. Мындай жарандар өздөрүн четке кагылбай, коомдун толук кандуу мүчөсү катары сезет, бул болсо мамлекеттин ички тынчтыгы менен өнүгүүсүнүн кепилдиги болуп эсептелет.

Демек, инклюзивдүү билим берүү — бул ар бир балага кам көрүүнүн, урматтоонун, теңдиктин жана адамдык мамиленин чыныгы белгиси. Бул билим берүү системасы аркылуу биз коомдо стереотиптерди жеңе алабыз, ар түрдүүлүктү күчкө айланта алабыз жана ар бир адамдын инсан катары өнүгүүсүнө шарт түзө алабыз. Кыргызстанда бул багытта жакшы өзгөрүүлөр болуп жатканы кубандырат. Бирок муну менен чектелбей, мындан ары дагы терең, максаттуу жана системалуу иш алып баруу талап кылынат.

Инклюзивдүү билим берүү — бул келечекке карай жол. Бул жол татаал, бирок ошол эле учурда акыйкат жана керектүү. Ар бир баланын кыялы, максаты жана мүмкүнчүлүгү бар. Биздин милдет — ошол мүмкүнчүлүктөрдү ачууга көмөктөшүү. Ошондо гана чыныгы инклюзивдүү коомду кура алабыз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Староверова М.С., Ковалев Е.В. Инклюзивное образование. Настольная книга педагога, работающего с детьми с ОВЗ: Методическое пособие — М.: Гуманитарный изд. центр Владос, 2011. - 63стр.
2. Д.З. Ахметова, З.Г. Нигматов, Т.А. Челнокова, Г.В. Юсупова и др.; под ред. Д.З. Ахметовой. – Казань: Изд-во «Познание» Института экономики, управления и права, Педагогика и психология инклюзивного образования: учебное пособие2013. – 204с.
3. Л.Н. Лиходедова - Костанай: КГПИ, Теория и практика инклюзивного образования: учебное пособие для группы специальностей «Образование» / 2017. – 165 с.